| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АЛАЙ РАЙОНУ**<br><br>**ГҮЛЧӨ**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ГУЛЬЧИНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезексиз 12-отуруму**

**Т О К Т О М**
**12/1**

**10.10.2025.** **Гүлчө айылы**

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 22-сентябрындагы «Кезектеги IV Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө» №270 Жарлыгын ишке ашыруу жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезексиз 12-отуруму, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 22-сентябрындагы «Кезектеги IV Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө» №270 Жарлыгын ишке ашыруу, Кезектеги IV Элдик Курултайды өткөрүү, делегаттарды шайлоо боюнча уюштуруу маселелери жөнүндө талкуулап, Кезектеги IV Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоону уюштуруу жана өткөрүү боюнча негизги иш-чаралардын календардык планына ылайык, Гүлчө айыл аймагы боюнча Кезектеги IV Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоого карата жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарын уюштуруу жана өткөрүү, жумушчу топтун курамын бекитүү боюнча мыйзамда белгиленген тартипте иш алып баруу максатында **токтом кылат:**

1. Гүлчө айыл аймагында Кезектеги IV Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо иштерин уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы төмөндөгүдөй болуп бекитилсин (1-тиркеме).
2. Кезектеги IV Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча Гүлчө айыл аймагында бөлүнгөн бөлүктөрдө жарандардын жыйындарын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жыйындардын графиги, өтүлүүчү жайлар, жыйынга катышуучу өкүлдөрдүн саны тиешелүү аймактык бөлүктөргө бөлүү ченемдери, жыйындарды өткөрүүгө жооптуу жергиликтүү кеңештин депутаттарынын тизмеси бекитилсин (2- тиркеме).

3. Кезектеги IV Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жумушчу топтун курамына ар тараптан көмөк көрсөтүү жагы Гүлчө айыл өкмөт башчысына милдеттендирилсин.

4. Коомдоштуктардын жыйындарынын протоколдору жумушчу тобуна тапшырылсын.

5. Кезектеги IV Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоону уюштуруу жана өткөрүү боюнча чаралардын көрүлүшү тууралуу жана алардан келип чыккан укуктук маселелерин жөнгө салууга байланышкан тиешелүү маалыматтарды жана жергиликтүү коомдоштуктун жыйындарынын протоколдору, делегаттардын

толтурулган анкеталары, делегаттардын тиешелүү документтери менен иш алып баруу жагы кеңештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.

6. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

**Гүлчө айылдык кеңешинин**
**2025- жылдын 10-октябрындагы**
**VIII чакырылыштын депутаттарынын**
**кезексиз 12-отурумунун №12/1 токтомуна**
№ 1-тиркеме

**Гүлчө айыл аймагындагы Кезектеги IV Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоого карата жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы**

1. А.Б.Самиев - Айылдык кеңештин төрагасы - жумушчу топтун төрагасы

2. Убукеева Чынара – жумушчу топтун катчысы

**Мүчөлөрү:**

3. А.К. Сартбаев - төраганын орун басары

4. Кадырова Карамат - жергиликтүү жааматтан

5. Г.Н. Абдиева - Гүлчө айылдык кеңештин депутаты

6. Г.А. Бообекова - Гүлчө айылдык кеңештин депутаты

7. К.А. Сулайманова - Гүлчө айылдык кеңештин депутаты

8. Б.Ж. Нуралиев - Гүлчө айылдык кеңештин депутаты

9. А. Капаров – Чакмак айылынын айыл башчысы

10. Төлөн уулу Калыйнур-Кум-Шоро айылынын айыл башчысы

11. О. Сыдыков - Кара-Суу айылынын айыл башчысы

12. К. Кадырова - Курманжан датка айылынын айыл башчысы

13. М. Арзыкулов - Гүлчө айылынын айыл башчысы

14. Н. Сатарбаев - Таш-Короо айылынын айыл башчысы

15. Курстанбек у Э - Октябрь айылынын айыл башчысы

**Жооптуу катчы** **Ч. Убукеева**

**Гүлчө айылдык кеңешинин**
**2025- жылдын 10-октябрындагы**
**12-отурумунун № 12/1 токтомуна**
№2 тиркеме

Гүлчө айыл аймагы боюнча Кезектеги IV Элдик Курултайга делегаттарды шайлоону өткөрүүдө жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарын уюштуруу жана өткөрүү

**графиги**

| № | Жергиликтүү коомдоштук-тардын жыйындарын өткөрүү боюча тиешелүү аймактык бөлүктөргө бөлүү ченемдери | Калктын саны | КВОТА | Жыйындар өтүлүүчү жайлар | Жыйындар өтүлүүчү датасы, убактысы | Жергиликтүү коомдоштуктун жыйындарын өткөрүүгө жооптуу жергиликтүү кеңештин депутаттары |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Чакмак айылы | 619 | 3 | С.Молдокулов атындагы орто мектеби | 20.10.2025 . 11:00 | Ормонбек у Э<br>Талантбек у А.<br>Чокоева А.К.<br>Жоомарт к Д. |
| 2 | Курманжан датка айылы | 1561 | 6 | Мадалиев атындагы негизги мектеби | 20.10.2025 15:00 | Рустамов Н.А<br>Салижан у С.<br>Султанова Ж<br>Абдиева Г |
| 3 | Гүлчө1 | | 13 | Сарбашов, Кадырбеков, М.Кадыров. Токтогул көчөлөрү | 20.10.2025 15:00 | Пазылова Р<br>Олокова Э<br>Нуралиев Б<br>Маматов П<br>Дүйшөбаева Н<br>Сартбаев А |
| 4 | Гүлчө2 | 14 211 | 14 | Бубаев, Бөкөев, Адышев, Нарматов. Сатимбаев көчөлөрү | 22.10.2025 15:00 | А.Ж. Бубаев<br>Тажибаев У.Ө.<br>Назиров Т.С.<br>Абдиева Г<br>Камалова Н<br>Рстамов Н<br>Султанова Ж |
| 5 | Гүлчө3 | | 14 | Жаңы-Савай, Абдиев, М.Исламов, Молдокулов, Тилеке көчөлөрү | 22.10.2025 15:00 | Ажибеков Ж<br>Осуев Ш<br>Ормонбек у Э<br>Абдылдаева Г<br>Талантбек у А<br>Жоомарт к Д |
| 6 | Нооруз | | 13 | Кырк-Күңгөй, Исанов, | 20.10.2025 15:00 | Абдиева Г.Н.<br>Жапарова А.А<br>Г. Бообекова |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Дубанаев көчөлөрү | | Сартбаев А |
| 7 | Таш-Короо | 1455 | 8 | И.Адишев орто мектеби | 20.10.2023 11-00 | Жусубалиев Н Ниязбеков Н Алимжан к Б |
| 8 | Жылуу-Суу | 690 | 4 | Жылуу-Суу айылдык клубу | 20.10.2023 12-00. | Жусубалиев Н Ниязбеков Н Алимжан к Б |
| 9 | Кара-Булак | 370 | 3 | Айылдык клубу | 20.10.2023 14-00 | Жусубалиев Н Ниязбеков Н Алимжан к Б |
| 10 | Октябрь | 1085 | 5 | Бубаев мектеби | 20.10.2025 10:00 | Абдиаким у Д Жоробек у Б Айткулова Ж Сулайманова |
| 11 | Кара-Суу | 917 | 5 | Ж.Кыпыева мектеби | 20.10.2025 12:00 | Абдиаким у Д Жоробек у Б. Айткулова Ж Сулайманова |
| 12 | Кайнама | 216 | 3 | Эски айыл өкмөтүнүн имаратында | 20.10.2025 15:00 | Абдиаким у Д Жоробек у Б Айткулова Ж Сулайманова |
| 13 | Тамга-Терек | 319 | 3 | Тамга-Терек баштооч мектебинин имаратында | 21.10.2025 11:00 | Абдиаким у Д Жоробек у Б. Айткулова Ж Сулайманова |
| 14 | Кум-Шоро | 865 | 4 | Б.Ибраев мектеби | 21.10.2025 12:00 | Абдиаким у Д Жоробек у Б. Айткулова Сулайманова |
| 15 | Оро-Дөбө | 258 | 2 | Айылдык мечит | 22.10.2025 12:00 | Айткулова Ж Сулайманова Осуев Ш Чокоева А.К. |
| | Гүлчө айыл аймагынын калкынын жалпы саны | 22 566 | 100 | Райондук маданият үйү | | Гүлчө айылдык кеңеши Жумушчу топ |

**Жооптуу катчы** **Ч. Убукеева**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АЛАЙ РАЙОНУ<br>ГҮЛЧӨ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ГУЛЬЧИНСКОГО<br>АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезексиз**
**12-отуруму**

# Т О К Т О М

**10.10.2025. № 12/2 Гүлчө айылы**

**Гүлчө айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдагы жергиликтүү бюджетинин чыгаша бөлүгүндө бекитилген сметасынын үнөмдөлгөн беренелерден өндүрүштүк зарылчылыкка байланыштуу кээ бир беренелерге жылдыруу жана тактоо жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезексиз 12-отуруму, экономика жана бюджет комиссиясынын талкуусун угуп, 2025-жылдын 10-октябрындагы протоколунун негизинде Кыргыз Республикасынын 20.10.2021.№123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктуна ылайык **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын бюджет кодексинин 115-беренесине ылайык, Гүлчө айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдагы жергиликтүү бюджетинин чыгаша бөлүгүндө бекитилген сметасынын үнөмдөлгөн беренелерден өндүрүштүк зарылчылыкка байланыштуу кээ бир беренелерге жылдыруу жана тактоо жагы каралсын.

| К/н | Бөлүмдөрдүн аталышы | Берененин аталышы | берене | 4-квартал | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | көбөйтүү | азайтуу |
| 1 | Бала бакча | Түрдүү чыгымдар | 2215 | 165 | |
| 2 | Бала бакча | Ички ремонт | 2221 | | 388,4 |
| 3 | Бала бакча | чарба товар | 2222 | 220 | |
| 4 | Бала бакча | Машиналар жана жабдуулар | 3112 | 510 | |
| 5 | Орто мектеп | | 2215 | 165,0 | |
| 6 | Орто мектеп | Ички ремонт | 2221 | 380 | |
| 7 | Орто мектеп | чарба товар | 2222 | 193,0 | |
| 8 | Экономикалык | Түрдүү | 2215 | 650,1 | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | суроолор | чыгымдар | | | |
| 9 | Экономикалык | Имараттар | 3111 | | 1894,7 |
| | | | | | |
| | суроолор | жана курулмалар | | | |
| | **Жалпы** | | | **2283,1** | **2283,1** |

2. Жогорудагы акча каражатын 2025-жылдын бекитилген сметасынын чыгаша бөлүгүнө өзгөртүү киргизип берүү жагы Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин Алай финансы башкармалыгынан суралсын.

3. Кабыл алынган токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын камсыз кылуу жагы айыл өкмөт башчысы Н.Тажибаевге жана финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Э.Каныбек кызына милдеттендирилсин.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет жана экономика боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**
**ГҮЛЧӨ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ГУЛЬЧИНСКОГО**
**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**

---

**Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезексиз 12– отуруму**

# Т О К Т О М
**12/3**

**10.10.2025.** **Гүлчө айылы**

**Алай райондук жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын башчысы – аким Бапаев Чыңгыз Арстанбековичке, Гүлчө айылдык кеңеши тарабынан «Гүлчө айыл аймагынын ардактуу атуулу» наамын ыйгаруу жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезексиз 12-отуруму, депутаттардын сунушу боюнча, Алай райондук жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Бапаев Чыңгыз Арстанбековичке, Алай районуна, анын ичинде Гүлчө айыл аймагынын өсүп-өнүгүүсү үчүн бир нече инвестициялык долбоорлорду тартып, элдин жашоо шартын, Гүлчө айыл аймагындагы инфраструктураны жакшыртууда жасаган эбегейсиз зор эмгеги жана Гүлчө айылынын шаар макамын алууда көрсөткөн салымы үчүн «Гүлчө айыл аймагынын Ардактуу атуулу» наамын ыйгаруу жөнүндө талкуулап, «Ардактуу атуул» наамын ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобонун талаптарына ылайык **токтом кылат:**

1.Алай райондук жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын башчысы – аким Бапаев Чыңгыз Арстанбековичке, Гүлчө айылдык кеңеши тарабынан «Гүлчө айыл аймагынын Ардактуу атуулу» наамы ыйгарылсын.

2.Ушул кабыл алынган токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы мыйзамдуулук, депутаттык этика жана кеңештин иштери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**ГУЛЬЧИНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезексиз 12- отуруму**

**Т О К Т О М**

**№ 12/4**

**10.10.2025.** **Гүлчө айылы**

**Гүлчө айыл өкмөтүнүн алдындагы «Гүлчө коммуналдык чарба» муниципалдык ишканасынын таштанды чыгаруу кызматы үчүн пландан тышкары ашыкча түшкөн 275 735 сом акча каражатын «Гүлчө коммуналдык чарба» муниципалдык ишканасынын муктаждыктарын чечүү үчүн жылдыруу жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезексиз 12-отуруму, Гүлчө айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Э.Тажибаевдин Гүлчө айыл өкмөтүнүн алдындагы «Гүлчө коммуналдык чарба» муниципалдык ишканасынын таштанды чыгаруу кызматы үчүн, 2025-жылга карата план болуп бекитилген 985 000 миң сом акча каражаты толугу менен аткарылып, бүгүнкү күнгө 1 260 735 сом акча каражаты түшкөн. Пландан тышкары ашыкча түшкөн 275 735сом акча каражатын «Гүлчө коммуналдык чарба» муниципалдык ишканасынын муктаждыктарын чечүү үчүн жылдыруу жөнүндө билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021.№123«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 2-5-пунктуна ылайык **токтом кылат:**

1. Гүлчө айыл өкмөтүнө караштуу «Гүлчө коммуналдык чарба» муниципалдык ишканасынын таштанды чыгарууда пландан тышкары келип түшкөн 275 735 сом акча каражатын аталган ишкананын муктаждыктарын чечүү үчүн мыйзам чегинде жылдырып берүү жагы каралсын.

2. Жогорудагы акча каражатын 2025-жылдын бекитилген сметасынын кирешелер бөлүгүнүн планына өзгөртүү киргизип берүү жагы Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Алай башкармалыгынан суралсын.

3. Кабыл алынган токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын камсыз кылуу жагы айыл өкмөт башчысы Н.Тажибаевге жана финансы бөлүмүнүн башчысы Каныбек кызы Эркинайга милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет жана экономика боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А. Самиев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АЛАЙ РАЙОНУ<br><br>ГҮЛЧӨ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАЙСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ГУЛЬЧИНСКОГО<br>АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА |
|---|---|

---

**Гүлчө айылдык кеңешинин VIII- чакырылышынын депутаттарынын кезексиз 12-отуруму**

**ТОКТОМ**
**№ 12/5**

**10.10.2025.** **Гүлчө айылы**

**Совет бийлигин орнотууда жана агартуу жаатында жасаган бир нече эмгектердин ээси жана мамлекеттик кызматтарда өрнөктүү өмүр кечирген коомдук ишмер, маркум Аматов Өмүрзактын айкелин Гүлчө айыл өкмөтүнө караштуу Алымбек датка сейил багынын ичине орнотууга макулдук берүү жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезексиз 12-отуруму, кенештин мыйзамдуулук жана жер маселеси боюнча туруктуу комиссияларынын отурумундагы протоколдорунун негизинде, Алай районунун Жан-Шоро кыштагында төрөлүп өскөн, совет бийлигинин орнотууда, агартууда эмгеги сиңген, коомдук ишмер, маркум Аматов Өмүрзак жөнүндө билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 1-пунктунун негизинде **токтом кылат :**

1. Гүлчө айыл аймагынын Алымбек датка сейил багынын ичинде жайгашкан эстелик, айкелдердин катарынан, маркум Аматов Өмүрзактын айкелин орнотуу үчүн макулдук берилсин.

2. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Гүлчө айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Тажибаевге милдеттендирилсин.

3.Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы Гүлчө айыл аймагынын айылдык кенешинин агрардык жана жер реформасы, муниципалдык менчик, жол жана коммуникация боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АЛАЙ РАЙОНУ**<br><br>**ГҮЛЧӨ**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ГУЛЬЧИНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезексиз 12 - отуруму**

**Т О К Т О М**

**№ 12/6**

**10.10.2025.** **Гүлчө айылы**

**Гүлчө айылынын И.Умаров көчөсүнүн №22 үйүнүн тургуну Машаев Бактыбектин турак-жайына тиешелүү жер тилкесине токтом чыгарып берүү жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезексиз 12-отуруму, жер боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы У.Тажибаевдин Машаев Бактыбектин турак-жайына тиешелүү жер тилкесине токтом чыгарып берүү жөнүндө билдирүүсүн угуп,талкуулап, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021.№123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 1-пунктарынын негизинде **токтом кылат:**

1.Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 44-беренесин, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 265-беренесин, 2022-жылдын 17-мартындагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган Кыргыз Республикасынын укуктук мамилелерди жөнгө салуу жөнүндө мыйзамынын 8-беренесин, Жерге жайгаштыруу жана укукту мамлекеттик каттоо Алай райондук башкармалыгынын кадастрдык чиймелерин жана Гүлчө айылдык кеңешинин 6-чакырылышынын кезексиз 47-отурумунун №47/2 токтомун жетекчиликке алып, Гүлчө айыл аймагындагы калктуу конуштарда 2004-жылы мамлекеттик жалпы (системалык) каттоо жүргөн мезгилде укук катталбай калган кыймылсыз мүлк бирдиктерин мыйзамдаштыруу жагы Гүлчө айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

2. Юридикалык документин даярдап берүү жагы Алай архитектура жана шаар куруу башкармалыгына ошондой эле жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин Алай филиалына сунуш кылынсын.

3. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын мыйзам чегинде камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Тажибаевге милдеттендирилсин.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АЛАЙ РАЙОНУ**<br><br>**ГҮЛЧӨ**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ГУЛЬЧИНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезексиз 12- отуруму**

**Т О К Т О М**

**10.10.2025.** **№ 12/7** **Гүлчө айылы**

**Гүлчө айылдык кеңеши тарабынан 2025-жылдын 08-августунда кабыл алынган, Гүлчө айыл өкмөтүнө караштуу Курманжан датка айылындагы муниципалдык менчиктеги 5-01-04-1010-0426 идентификациялык сыр белгидеги, аянты 26910, 50 чарчы метр жана 5-01-04-1010-0428 идентификациялык сыр белгидеги, аянты 7500, 50 чарчы метр айыл чарба багытындагы жер тилкелеринин максаттуу багытын көп кабаттуу турак-жай курууга өзгөртүп берүү жөнүндөгү №10/3 токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезексиз 12-отуруму, Гүлчө айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Тажибаевдин сунушу менен кабыл алынган, Гүлчө айыл өкмөтүнө караштуу Курманжан датка айылындагы муниципалдык менчиктеги 5-01-04-1010-0426 идентификациялык сыр белгидеги, аянты 26910, 50 чарчы метр айыл чарба багытындагы жер тилкесинин максаттуу багытын Гүлчө айыл өкмөтүнүн жарандары үчүн көп кабаттуу турак-жай курууга өзгөртүүгө жана 5-0,1-04-1010-0428 идентификациялык сыр белгидеги, аянты 7500, 50 чарчы метр айыл чарба багытындагы жер тилкесинин максаттуу багытын балдар бакчасын курууга өзгөртүп берүү жөнүндө баяндамасын угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 12-беренесине жана “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамынын 5-беренесинин 3-бөлүмүнө, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021. №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 5-пунктуна ылайык, **токтом кылат:**

1. Гүлчө айыл өкмөтүнө караштуу Курманжан датка айылындагы муниципалдык менчикте турган 5-01-04-1010-0426 идентификациялык сыр белгидеги, аянты 26 910, 50 чарчы метр жер тилкесине, Гүлчө айыл өкмөтүнүн жарандары үчүн көп кабаттуу турак-жай курууга макулдук берилсин.

2. Гүлчө айыл өкмөтүнө караштуу, муниципалдык менчиктеги 5-0,1-04-1010-0428 идентификациялык сыр белгидеги, аянты 7500, 50 чарчы метр жер айыл чарба багытындагы жер тилкесинин максаттуу багытын балдар бакчасын куруу үчүн өзгөртүлүп берилсин.

2.Тиешелүү иш-кагаздарын мыйзам чегинде тактап, иш-алып баруу жагы Гүлчө айыл өкмөтүнүн жер боюнча башкы адиси Р.Какаровго милдеттендирилсин.

3. Юридикалык документтерин тактап, даярдап берүү жагы Алай райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин Алай филиалына сунушталсын.

4. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын мыйзам чегинде камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Тажибаевге милдеттендирилсин.

5. Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы Гүлчө айыл аймагынын айылдык кеңешинин агрардык жана жер реформасы, муниципалдык менчик боюнча маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А. Б. Самиев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АЛАЙ РАЙОНУ**<br><br>**ГҮЛЧӨ**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ГУЛЬЧИНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылыштын депутаттарынын кезексиз 12 - отуруму**

**Т О К Т О М**
**№12/8**

**10.10.2025.** **Гүлчө айылы**

**Гүлчө айылдык кеңеши тарабынан ушул 2025-жылдын 08-августунда кабыл алынган Гүлчө айыл өкмөтүнө караштуу Курманжан датка айылындагы муниципалдык менчиктеги 5-01-04-1010-0426 идентификациялык сыр белгидеги 26910,50 чарчы метр жана 5-0,1-04-1010-0428 идентификациялык сыр белгидеги 7500, 50 чарчы метр болгон жер тилкесине Мамлекеттик ипотекалык компаниясы тарабынан Гүлчө айыл өкмөтүнүн жарандары үчүн көп кабаттуу үй курууга макулдук берүү жөнүндөгү №10/4 токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезексиз 12-отуруму, Гүлчө айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Тажибаевдин, Гүлчө айыл өкмөтүнө караштуу Курманжан датка айылындагы муниципалдык менчикте турган 5-01-04-1010-0426 идентификациялык сыр белгидеги, аянты 26910, 50 чарчы метр болгон жер тилкесине Гүлчө айыл өкмөтүнүн жарандары үчүн Мамлекеттик ипотекалык компаниясы тарабынан көп кабаттуу үй курууга макулдук берүү жөнүндө баяндамасын угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамынын 5-беренесинин 3-бөлүмүнө, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021. №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 5-17-пунктуна ылайык, **токтом кылат:**

1. Гүлчө айыл өкмөтүнө караштуу Курманжан датка айылындагы муниципалдык менчиктеги 5-01-04-1010-0426 идентификациялык сыр белгидеги аянты 26910, 50 чарчы метр болгон жер тилкелерине Мамлекеттик ипотекалык компаниясы тарабынан Гүлчө айыл өкмөтүнүн жарандары үчүн көп кабаттуу үй курууга макулдук берилсин.

2. Тиешелүү иш-кагаздарын мыйзам чегинде тактап, иш-алып баруу жагы Гүлчө айыл өкмөтүнүн жер боюнча башкы адиси Р.Какаровго милдеттендирилсин.

3. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын мыйзам чегинде камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Тажибаевге милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы Гүлчө айыл аймагынын айылдык кеңешинин агрардык жана жер реформасы, муниципалдык менчик боюнча маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А. Б. Самиев**